**Изилдөөчү Бектурганова Бааркул Шаршенбековнанын “Соң-Көл өрөөнүнүн топурак жана суу биотопторунун микробдук ар түрдүүлүгү” деген темада биология илимдеринин кандидаттык окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн, 03.02.03-микробиология адистигине ылайык жазылган кандидаттык диссертациялык ишине**

**Изилдөөчүнүн илимий жетекчиси, биология илимдеринин доктору, профессор Т.Д. Дөөлөткелдиеванын**

## ПИКИРИ

Бектурганова Бааркул Шаршенбековна 1997-2002 жж К.И.Скрябин атындагы Кыргыз агрардык университетинин, Агроэкология- адистигин ийгиликттүү аяктаган. 21 май 2010 жылы К.И.Скрябин атындагы КУАУ илимий кеңешмесинде менин жетекчилигим астында “Соң-Көл өрөөнүнүн топурак жана суу биотопторунун микробдук ар түрдүүлүгү” аттуу темада 03.02.03- микробиология адистиги боюнча Диссертациялык иштин программасы бекитилген.

Жалпы жер кыртыштын биомассасынын дээрлик 95% -и микроорганизмдерден турат жана алар топурактын пайда болушунда, өсүмдүктөрдүн калдыктарынан жаратылыштагы азык заттарды айлантууда,ошондуктан алар жалпы биосферанын кыймылдаткыч күчү, бүт жер үстүндөгү экосистеманы сактоодо жана айлана-чөйрөнү коргоодо маанилүү роль ойношот. Топурак микробдорунун коомдору ар түрдүү, алардын көп түрдүүлүгү жана тыгыздыгы биринчи кезекте бийиктиктен жана өсүмдүктөрдүн түрү, температура жана кыртыштын pHы сыяктуу экологиялык жана геологиялык факторлорго көз каранды.

Катаал климаттык шарттарга ээ болгон муздак экосистемаларда кездешкен микроорганизмдер бул жашоо чөйрөсүндө маанилүү экологиялык ролду ойнойт; ошондуктан, алардын ролун жана потенциалын түшүнүү олуттуу илимий мааниге ээ.

Соң-Көл өрөөнү – Кыргызстандагы манилүү экосистема болуп, өзүнүн географиялык жана экологиялык өзгөчөлүктөрү, башкача айтканда катаал климаттык шарттары, катуу шамалдар, кардын көп болушу жана экологиялык рекреациянын деңгээли менен айырмаланат. Ушул өрөөндүн топурактарында жана суусунда жашаган микроорганизмдердин түрлөрү жана алардын экологиялык мааниси Кыргызстанда алигиче изилденген эмес. Ошондуктан бул диссертациялык иштеги коюлган маселени изилдөө актуалдуу жана практикалык мааниге ээ. Диссертант бул иштин максатына жетүүдө жана милдеттерин аткарууда лабораториялык шарттарда заманбап микробиологиялык, биохимиялык жана молекулярдык биология ыкмаларды өздөштүрүп, көптөгөн эксперименттерди жүргүздү, алынган натыйжаларды анализдеп, илимий жактан баалуу натыйжаларды алууга жетишти. Ушул темада өткөн эл аралык, улуттук конференцияларга катышты. Изилдөөчү Кыргызстандык окуумуштулардан тышкары чет элдик окумуштуулардын эмгектерине көп кайрылып, анализдеп, өз жыйынтыктары менен салыштырууга жетишти.

Диссертациянын темасы боюнча 9 илимий макала жарыяланып, алардын экөө Web of Science журналдарда жана улуттук, эл аралык конференцияларда апробацияланды.

Практикалык мааниге ээ болгон тоолуу аймактан бөлүнгөн уникалдуу касиеттерге ээ болгон микроорганизмдердин коллекциясы түзүлдү. Айыл чарба биотехнологиясында

колдонууга сунушталган *Streptomyces* уруусуна кирген штамм үчүн Кыргыз Республикасынын мамлекеттик интеллектуалдык менчик кызматы (Кыргызпатент) тарабынан 1 ойлоп табуу патенти алынган.

Мен диссертациялык иштин жетекчиси катары И. К. Ахунбаев атындагы КММАнын алдындагы Д 03.23.685 Диссертациялык кеңешине Бектурганова Бааркул Шаршенбековнанын биология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алууга сунушталган «Соң-Көл өрөөнүнүн топурак жана суу биотопторунун микробдук ар түрдүүлүгү» темасындагы диссертациясын “03.02.03 – микробиология” адистиги боюнча коргоого кабыл алынуусун сунуш кылам.

К.И.Скрябин атындагы Кыргыз Улуттук Агрардык Университетинин
Өсүмдүктү Коргоо Илимий Борборунун башчысы,
биология илимдеринин доктору, профессор,
Кыргыз Республикасынын Илимине Эмгек Сиңирген Ишмер

Т.Д. Дөөлөткелдиева

19.05.2025

КАДРЛАР ЖАНА ИШ КАГАЗДАРЫН БАШКАРУУ БӨЛҮМҮ

подпись Т.Д. Дөөлөткелдиеванын кол тамгасын тастыктайм заверяю.
Нач. отдела кадров
“19” 05 2025 г.